КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XXXXII сессиясы**

**Токтом № 197**

29 -август 2024-жыл Сүлүктү шаары

**Сүлүктү шаарынын М. Т. Ибрагимов атындагы №3 орто мектебинин экинчи имаратынын Б Блогунун авариялык абалда экендигин тастыктоо боюнча корутунду алуу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 450 000 сом акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Сүлүктү шаарынын мэриясынын 14.08.2024ж. 01-12/2192 чыгыш сандагы М. Т. Ибрагимов атындагы №3 орто мектебинин экинчи имаратынын Б Блогунун авариялык абалда экендигин тастыктоо боюнча корутунду алуу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 450 000 сом акча каражатын бөлүү боюнча каты жөнүндө Сүлүктү шаардык кеңешинин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 27, 34-беренесинин пунктунун негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын М. Т. Ибрагимов атындагы №3 орто мектебинин экинчи имаратынын Б Блогунун авариялык абалда экендигин тастыктоо боюнча корутунду алуу үчүн Сүлүктү шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин 3111 беренесинен 450 000 сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берилсин
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: М.А. Кутбидинов